Өкмөтүнүн 30. 03.2017-жылдагы № 93-б "Айыл чарба малдардын идентификациялоо иш-чараларды оперативдүү жүргүзүү" буйругуна ылайык, 2019-жылы Кочкорбаев айыл аймагында 589 -бодо мал идентификацияланып, анын ичинен - 355 баш каттоодон чыкты, азыркы учурда 4700- баш каттоодо турат. Оспа, сибирский язва жана чумага каршы 4350 койлорго, 4700 уйларга вакцинация кылынды. Козуларга 3-6 айга чейин – РЭФ-1, музоолорго 3-18 айга чейин – 1200 башка –ШТАМ-19 прививка жасалды. Иттерге эхинококктон, кутурмадан 714 дарылоо кылынды

## Турак жай жана коммуналдык чарбасы, санитардык тазалоо, абактоо боюнча

Коммуналдык маселелердин эң орчундусу бул таза суу маселелери.
Суу түтүкчөсүнүн системасы эскилиги жетип, ай сайын эскилиги жеткен суу түтүктөрү жарылып, оңдоп-түзөө иштерин аткарууга акча каражаты жетишсиз. Бирок, антсе да бул көйгөйлөр көз жаздымда калбастан суу түтүктөрү оңдолууда. Жалпысынан оңдоп - түзөө иштерине таза суу пайдалануучулардын айылдык коомдук бирикмесинининн бюджетинен 74,0миң сом акча каражаты жумшалды. "Суу-бул өмүр" таза суу пайдалануучулардын айылдык коомдук бирикмесинин 01.10.2019-ж Муниципалдык ишканага өткөзүлдү.

Тазалык боюнча Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын 28.02.2019-жылдагы № 62-б "Ысык-Ата районунун Кант шаарынын жана калктуу конуштарды көрктөндүрүү, санитардык абалын жана инфраструктурасын жакшыртуу, архитектуралык көрүнүшүн иретке келтирүү жана жарыктандыруу иштерин жүргүзүү жөнүндө үч айлыгын жарыялоо боюнча" буйругун аткаруу максатында Кочкорбаев айыл аймагында бир топ алгылыктуу иш аракеттер аткарылды.
Санитардык тазалоого 59,1 миң сом акча каражаты жумшалды.

Ошондой эле борбордук трассанын жээгиндеги куурап калган авариялык шарттагы бактар кыйылып, бутактары буталды. Бул кыйылган бактар 32 аз камсыз болгон үй бүлөлөргө таратылып берилди.

Ч. Айтматов жана Панфилов көчөсүнүн аягындагы турак жай салынган жерлерди трансформация боюнча документер тапшырылды.

Ч.Айтматов көчөсүнө 12 электрстолбалар алынды – 90,0 миң сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен каралды

## Инвестиция тартуу боюнча

- "Ассанабил" Араб фонду Кеңеш айылында ФАП имараты курулду **– 3 922,7** миң сом акча каражаты жумшалды. Медициналык шаймандар - **435,8** миң сомго алынды. Жергиликтүү бюджеттен кошумча каржылоо үчүн **100,0** миң сом акча каражаты бөлүндү.

- Турциялык мамлекеттик элчилигинен кычкылтек байытуучу – **38,7 миң** сомго берилди, "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоору Швейцария Өкмөтү тарабынан Швейцариянын